# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН БУЙРУГУ

*Бишкек шаары, 2014-жылдын 28-ноябры № 531-б*

Коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын-алуу боюнча чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык:

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана мамлекеттик бийликтин башка органдары штаттык сандын жана тийиштүү жылга каралган бюджеттик каражаттардын чегинде коррупциянын алдын-алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуунун кызмат ордун киргизишсин.

2. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги эки айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын алдын-алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуунун типтүү жобосунун долбоорун иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына киргизсин.

3. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул буйрукту ишке ашыруу боюнча чараларды көрүшсүн.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **Дж.Оторбаев**